**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумунун**

**№ 7 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 01-апрели** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Үсөн уулу М., Алымбекова В.А., Абдыкаарова Т., Каримов К.Ж.ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Жумушчу окуу пландарга жана дисциплиналардын жумушчу программаларына жумуш берүүчүлөр менен бекем байланыш түзүп, алардын сын пикирлерин алуу менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы
2. Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен Абдыкаарова Т., Мааткеримова Айдай Маматжанована жана Мусабекова Жумагүл себептүү келбегендиктерин айтып, Окумуштуулар Кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок;
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

**Жумушчу окуу пландарга жана дисциплиналардын жумушчу программаларына жумуш берүүчүлөр менен бекем байланыш түзүп, алардын сын пикирлерин алуу менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы** "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О. жумушчу окуу пландарга жана дисциплиналардын жумушчу программаларына жумуш берүүчүлөр менен бекем байланыш түзүп, алардын сын пикирлерин алуу менен иш алып баруунун жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусунун абалы боюнча баяндама берди. Баяндамада Кыргыз - Кытай факультетинде кытай таануу жана лингвистика багыттарынын програмаларын ишке ашырууда сырткы жана ички стейкхолдерлер менен тыгыз кызматташуу жүрүп келет. Мисалы айта турган болсок: 2021-жылдын 30-ноябрь күнү Кыргыз-кытай факультетинде кытай таануу жана лингвистика багыттарынын жумуш берүүчүлөрү менен тегерек стол уюштурулган.

Тегерек столдун жүрүшүндө жумуш берүүчүлөр көптөгөн сунуштарды айтышты, алардын ичинен адистештирилген котормочулар жана педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзө ала турган бүтүрүүчүлөр керек болуп жаткандыгын маалымдашты. Ошондой эле кафедрада жумуш бүтүрүүчүлөрдүн сунуштары анализденип азыркы учурда кийики 2022-2023 окуу жылына жумуш бүтүрүүчүлөрдүн жана жалпы кызыкдар тараптардын сунушун эске алуу менен:

Кытай таануу багытына котормонун теориясы жана практикасы, кытай тилин окутуу методикасы сабактарын окуу планга киргизүү пландалып жатат.

Ал эми Лингвистика багытында болсо адистештирилген котормого байлышкан жана кытай тилин окутуу методикасы сабактарын окуу планга киргизүү пландалып жатат.

Андан сон Окумуштуулар кеңешинин төрагасы баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды.

"Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу Абдыкаарова Т., себептүү келбегендиктен **Студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер** боюнча жасалуучу баяндаманы окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев кийинки окумуштуулар кеңешине кылтырууну сунуштады.

Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Сунуш бир добуш менен кабыл алынды.

3. **Ар түрдүү маселелер:**

1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз - Кытай факультетинде өткөрүлгөн “ОшМУнун мыкты окутуучусу - 22” жана “ОшМУ дагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси- 22” конкурстарынын жыйынтыгын карап талкуулого койду. Жыйынтыгында “ОшМУнун мыкты окутуучусу - 22” конкурсуна катышкандардын ичинен “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Мааткеримова Айдай Маматжановна биринчи орунга ээ болду. Ал эми “ОшМУ дагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси -22” конкурсуна катышкандардын ичинен “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Акылбек уулу Эрлан биринчи орунга ээ болгондугун ОКнин жалпы курамына бидирди.

   Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы “ОшМУнун мыкты окутуучусу - 22” конкурсуна Мааткеримова Айдай Маматжановнаны жана “ОшМУ дагы дисциплинанын мыкты окуу- методикалык комплекси- 22” финалдык конкурсуна Акылбек уулу Эрланды окумуштуулар кеңешинин курамына сунуштады.
   Макул – 12;
   Каршы – жок;
   Калыс – жок.
   Сунуш бир добуш менен кабыл алынды.

2. Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир ар бир сабактын ОМК жана Силабусс https://portal.oshsu.kg поталга жайгаштыруунун жолдурун корсотуп андан соң ар бир окутуучу өзүнүн предметтеринен ОМК жана Силлабус толук түрдө жайгаштырып аткаруусун белгилеп кетти.

3. 2021-2022-окуу жылында ОшМУнун окуу процесин жөнгө салуу боюнча буйругу чыккан. Келишим акынын төлөмү 50% га жетпесе биринчи модулга ал эми 100% га жетпесеанда экинчи модулга кире албай турганын айтып, ар бир тайпанын жетекчиси келишим акынын төлөмүн көзөмөлгө алуусун эскертти.

**4.** Кыргыз-Кытай факультетинин деканы Т.К.Айтикеев 2021-2022-окуу жылынын бүтүрүүчү курстарынын дипломдук иштерин ар бир жетекчи толук көзөмөлдөнүүсүн белгилеп кетти.

Төрт маселе боюнча тең Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев., ОКнин жалпы курамы бир добуштан толук колдошту.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*
**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Жумуш берүүчүлөр менен бекем байланышта болуп, алардын сын пикирлерин алуу менен иш алып барылсын.
2. Кытай таануу багытына котормонун теориясы жана практикасы, кытай тилин окутуу методикасы жана лингвистика багытында адистештирилген котормого байлышкан жана кытай тилин окутуу методикасы сабактарын окуу планга киргизүү иштери аткарылсын.
3. Күн тартибинде каралуучу студенттердин жана магистранттардын окуу, окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышы жана алдыдагы милдеттер тууралуу маселе май айындагы окумуштуулар кеңешинде каралсын.
4. Кыргыз - Кытай факультетинде өкөрүлгөн “ОшМУнун мыкты окутуучусу -22” конкурстарынын жыйынтыгынын негизинде конкурстун университеттик этабына **“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу** М. А. Мааткеримова “ОшМУнун мыкты окутуучусу - 22” финалдык конкурсуна сунушталсын.

5. Кыргыз - Кытай факультетинде өткөрүлгөн “ОшМУ дагы дисциплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси - 22” конкурстарынын жыйынтыгынын негизинде конкурстун университеттик этабына **“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу** Акылбек уулу Эрлан “ОшМУ дагы дициплинанын мыкты окуу-методикалык комплекси - 22” финалдык конкурсуна сунушталсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: М.М. Таштанова**